**УДК: 355.233.231(575.2)**

# КЫРГЫЗ ПЕДАГОГТОРУНУН ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАДАГЫ АДЕП ТАРБИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ
# О НРАВСТВЕННОМ ВОСПИТАНИИ В НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКЕ У КЫРГЫЗСКИХ ПЕДАГОГОВ
# ABOUT MORAL EDUCATION IN THE FOLK PEDAGOGY AMONG KYRGYZ TEACHERS

***Ысмайылов К. З.***
***ОШМУ e-mail:*** kubat_oshsu@mail.ru

***Аннотация:*** *Макалада жаш муундарды мекенчилдикке, улууларды урматтоого, адилеттүүлүккө, чынчылдыкка тарбиялоо сыяктуу баалуулуктарды камтыйт.*

***Аннотация:*** *В статье говорится о таких ценностях как воспитание молодого поколения патриотизму, уважению старших, справедливости и чесности.*

***Annotation:*** In articl talks about such values as brining up the younger generation of patriotism, respect for elders, justice and honesty.

***Ачкыч сөздөр:*** Кыргыз эл педагогикасында жаш муундарды каада салттар аркылуу калыптандыруу.

***Ключевые слова:*** Воспитание молодого поколения через культурные традиции в Кыргызской народной педагогике.

***Key words:*** Bringing up the young generation through cultural traditions in Kyrgyz folk pedagogy.

Коомдун мамлекеттин бакубаттыгы адамдардын пейилинен, көз карашынан, туткан позициясынан, жүрүм- турумунан көз каранды экендиги байыртан келе жаткан акыйкат. «Манас» дастанын эле алсак байыркы кыргыз коомунун абалы Жакыптын, Манастын, Абыке, Көбөштөрдүн адамдык ариетине жараша айырмалуу болгон. Адамзат тарыхы – бул белгилүү өлчөмдө чыныгы адамдын пейилин, жүрүм- турумун жакшыртууга умтулуунун б.а. тарбиялоонун табышмактуу суроолорун чечүүнүн тарыхы. Бул суроолор бардык доорлордун улуу ойчулдарын толгонтуп келет. Алсак, байыркы грек философу Диогендин чак тушто чырак кармап чыныгы адамды издеп чыккандыгы тууралуу аллегориялык икая ушул кунго чейин өзүнүн маани маңызын жоготпой келет. Диогендин издегени өзөгү асылдыктарга мелт калт толгон адам болгондуктан аны жер шаарынын жарымын титиреткен Македонскийден да, өзүнүн улутунан чыккан акыл каймактарынан да көрө албай абыгер чеккен. Бир күнү чоң аянтка чыгып: «Ээй... адамдар, барсынарбы?» деген Диогендин жар салганын уккан элдин баары чуркап келсе, ачуусу кайнаган Диоген колундагы таягы менен аянтка жыйналгандарды кубалап: «Мен силердей айбандарды эмес, адамдарды чакырып атам!» деп жыйналган элди кайра таратканча шашыптыр. Ал эми Жалаледдин Руми Мевлананын «Чыныгы адам кайсы жакта, айткылачы дарегин? Жаныбызды тартуулайлы, көзүбүздүн карегин» деген доорлордун түпкүрүнөн чыккан чакырыктары дале болсо күнү бүгүнкүдөй актуалдуулугун жоготпой келет. Адам уулунун адам болмогу табышмактуу татаал маселе экендигин улуу жазуучубуз Ч.Айтматов: «Түбөлүк чечилбеген улуу талаш, Канткенде адам уулу адам болот? Адамзат качан чечет, качан коёт, Канткенде адам уулу адам болот»?- деген саптар аркылуу туюнткан.

Ирландиялык белгилүү драматург Бернард Шоу (1856-1950) таамай айткандай «Биз суу астында балыктай сүзүүнү, асманда чымчыктай учууну үйрөндүк, бирок жер үстүндө адамча жашоого үйрөнө албай койдук». Тилекке каршы бул өксүк баардык тарыхый мезгилдерге таандык аксиомага айланып калды. Ошон үчүн орто кылым ойчулу Жалаледдин Руми Мевлан «Кийим кордум ичинде адамы жок, адам көрдүм үстүндө кийими жок»- деп жазган. Бул акылман ойлордун түпкүрүндө аң-сезимдүү адамзат жаралгандан бүгүнкүгө чейин ичи менен тышынын, ойлогону менен кылган эткенинин ортосундагы айырманы жойо албай келе жаткандыгы тууралуу пессимистик идея жатат.

Ал эми азыркы цивилизациянын натыйжасында адамдар эмнеге ээ болдук да эмнени жоготтук?

1. Үйүбүз чоңойду, бирок үй-бүлөөбүз кичирейди.
2. Оокат аш көбөйдү, пейилдер тарыды.
3. Мектептерибиздин имараттары жакшырды, илим өнүктү билимибиз, жашоого жөндөмүбүз тайыздады.
4. Медицина өнүктү, саламатчылыгыбыз начарлады.
5. Чет мамлекеттердин көпчүлүгүн көргөнгө убактыбыз бар, бирок кошунабыз менен таанышып баарлашууга убакыт таппай келебиз.
6. Элди башкаруудан да, өзүн өзү башкаруу кыйын болуп баратат.
7. Эгемендүүлүккө ээ болдук, эл жердин тагдырына кайдыгерлик күчөдү.

Булардын баары коомдук масштабдагы адептик кризизистердин, жаш муундарды адептик жактан тарбиялоо ишибиздин натыйжасы балдарыбыз алып жаткан таалим тарбиянын дал өзү экендигин бир саам да көңүлдөн чыгарбашыбыз зарыл. Адептүүлүккө тарбиялоонун мазмунун туура долборлоо улуттун өзөктүү баалуулуктарына негизделиши шарт. Г.Н.Волковдун сөзү менен айтканда «Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт».

Биздин азыркы муун жер үстүндөгү кыргыз дүйнө таанымынын узак мезгилдүү таржымалынын бир гана көз ирмем бөлүгү болуп саналат. Ал эми ар бир муундун өз мойнундагы парзы, жонуна которгон эбегейсиз жүгү болот. Бир муундун кесепеттүү кадамы кыргыздарды чексиз туңгуюкка түшүрүп салышы мүмкүн.

Ошондуктан улуттук руханий жүзүн, дараметин сактап келечек муундарга өткөрүп берүү жаатында кечикпей жасап кала турган иштерибиздин масштабы көп кырдуу жана терең. Тарыхый өрүгүүнүн айныгыс мыйзамы ушул улут, улут болуш үчүн , ар бир инсан өз улутунун руханий баалуулуктарынын муундан муунга нукура уланткычы, ташыгычы болушу үчүн ошол маданият менен жеке инсан ортосунда тынымсыз эриш аркак, субьект – субьекттик мамиле болушу шарт. Ал дөөлөттөр кан аркылуу өтпөйт. Айталы ата-энесинин таза кыргыз болгон эч убакта баласынын сөзсүз кыргыз болуп калыптанышынын кепилдиги боло албайт. Тагыраак, айтканда инсан улуттун өзөгүн түзгөн руханий баалуулуктарды сактоочу, өздөштүрүүчү, өнүктүрүүчү, жүрүм- турумунда жетекчиликке алып ошол баалуулуктар үчүн жашагандай таалим-тарбия чөйрөсүн түзүү зарыл. Ансыз улутту түзгөн атрибуттар өзүнөн өзү ыдырайт, өзүнөн-өзү бузулат, чачырайт, кулайт.

«Аалым болуш оңой, адам болуш кыйын». Бул кылымдарды карыткан элдик накыл сөз. Базар экономикасы эгоист, өзүмчүл, эпчил, акча табууну 1-орунга койгон инсандарды калыптандырды. Коомдогу экономикалык кризистин себеби руханий негиздердин кыйрашына түрткү болуп жатат. Экономикалык кризиске караганда руханий кризис коркунучтуу. Башын компьютердик техника, эс тутумун интернет, кулагын телефон ээлеген баланын жүрөгүнө от тутантып, жан дүйнөсүн тазартуу зарыл. Пейил оңолбосо, адам оңолбойт. Таза пейилдин экологиясын улап адамга, андан үй-бүлөгө, андан айылга, айылдан ааламга жайылталы. «Жакшы сөз жан эргитсе, жаман сөз жан кейитет». Кейиген адамдан кейитчү сөз чыгат. Андан коомдун жүрөгү кысылып, буулат. Илимий көз карашы калыптанган, билимдүү, улутман, мекенчил адам – улут үчүн баа жеткис капитал. Жакшы сөз жерде калбайт, жылуу мамиле эң зор эргүүгө, бирин-бири улаган, коштогон улуу күчкө айланат. Жылуулуктун таасири менен жүрөктөгү муз эрийт. Анын натыйжасында үзүлгөн уланат, жыртык бүтөлөт, бөксөргөн курсак тоёт, жер жүзү бейпилдикке бөлөнөт.

Педагогикалык ишмердик аркылуу улуттун ден соолугуна эң зор салым кошсо болот. Мугалим мектептеги же жогорку окуу жайдагы окуу-тарбия ишинде гана эмес коомчулукта, бардык жерде – көчөдө, аялдамада, автобуста, маарекелерде, маданий-массалык иштерде да мугалим. Мугалимдин үлгүсүндө калыптанган сабырдуулук, адамгерчилик, ынтымак, мамилечилдик адамдын ден соолугуна чоң таасир этет. Сабактын чордонунда адам турат. Бала – бул акыл эстүү адам, инсан. Адамга адамча мамиле кылуу керек. Дайыма балага табигый, нукура, натуралдык адам катары кала берели. Жасалма

мамиле, баланы алдаймын деген өзүн алдайт. Адамды калыптандыруудан улуу иш барбы? «Адам төрөлөт (биологиялык зат катары), кулк-мүнөзү төрөлбөйт (социалдык зат катары калыптанат)». Ааламдын алп ойчулу Ч.Айтматовдун «Эң кыйыны — күн сайын адам болуу» деген учкул сөзүн туу тутсак, анда мугалим өзүнүн канчалык адам экени тууралуу өзүнө сын менен караганы абзел. Ансыз «молдонун айтканын жаса, жасаганын жасаба» болуп калбайбы. Жакшы же жаман болуу Адамдан, Адамга, Адам үчүн. Кыргыз элиндеги ак баталардын атасы – «Адам бол!».

Албетте, окутуунун жаңы технологиясы, интерактивдүү усулдар, сынчыл ойлом стратегиялары ж.б. инновациялык ыкмаларды пайдалануу — ар бир алдыңкы, жаңычыл мугалимдин кылар иши. Алдыңкы усулдар «Кутбилим-сабакта» байма-бай жарыяланууда. «Ким окуса «Кутбилим», ал чыгаан мугалим» деген сөздө калет жок. Мугалим – мөмөлүү дарак. Дарак бир жерде көгөрөт. Карманган кесибиңди, жериңди чанба, майнап чыгар. «Бийиктеш үчүн тереңдеш керек» деген, «Адам дарак сыяктуу», дарак сыяктуу бийиктеш үчүн тереңдеш керек. Тамыр тереңдеген сайын бийиктик жаралат. Дарак – санжыра. Адам дарак сыяктуу бутактайт, шактайт, бүчүрлөп ачылат, чырпыктан чынар өсүп чыгат. Дарак мөмөлөйт, мөмөсү бышкан сайын ийилет, адам да окуган сайын, билген сайын бой көтөрбөйт, анын улуулугу жөнөкөйлүктө.Биз чындап бутак-шактарга кам көрчү болсок, даракты азыктандырган тамырга үңүлүп, тереңдеп көрөлү. Адамды азыктандырган тамыр деп ата-эне тарбиясын, мугалимдин, устаттын эмгегин, элдик рух казынасын, дүйнөлүк илимий баалуулуктарды, исламий адеп маданияты сыяктуу булактардан канча суу ичүүнү түшүнгөнүбүз туура болор эле.

Дүйнөдө өзүнүн түптүү маданияты жок эл болбойт, болгон да эмес. Жер жүзүндөгү ар бир эле улут көз жарган мезгилинен баштап тарыхый тажрыйбалардын негизинде урпактарынын руханий байманасын өркүндөтүү багытындагы акыл ойлорун ишке киргизип эреже салтка айландырууга умтулуп келген. Ошентип байыркы бабалардын турмушу практикасынан жаралган каада-салттар, урп-адаттар эчен муундардын акыл элегинен өтүп улам жаңы турмуштук жагдайларга ылайык байып, өнүгүп олтуруп, өрнөктүү жашоонун мыйзамына, эрежесине айланган.

Кыргыз элинин салттуу педагогикалык дүйнө таанымында адеп сөзүнүн маани-маңызын туюндурган бир катар сөздөр бар. Кыргыз тилинде “ак” жана “кара” деген сөздөр жакшылык менен жамандыктын символу болгондуктан күндөлүк турмушта “ак эмгек”, “ак ниет”, “ак жүрөк”, “ак жолтой”, “ак жүздүү”, “ак нике”, “ак той”, “ак көңүл”, “акка баш ийүү” сыяктуу адептик түшүнүктөр көп колдонулат.

Бардык элдер сыяктуу эле адептик-этикалык маданияты өз ичинде көп кылымдык рухий практикалык тажрыйбаларды камтыйт жана көп кырдуу. Алар өз ичинде балдарды меймандостукка, мекенчилдикке, элчилдикке, улууларды урматтоого, башкаларга акыл эстүүлүк, жакшы ниет тилекте болуу, кичи пейилдик, боорукердик,сылыктык, жөнөкөйлүк, ынтымак-ырашкерлик, жоомарттык, кең пейилдик, толерантуулук, адилетүүлүк, чынчылдык, уятуулук, калыстык, сабырдуулук сыяктуу сапаттарга тарбиялоо сыяктуу баалуулуктарды камтыйт. Дүйнөнүн бардык элдери сыятуу эле кыргыздар инсандын инсандыгын мекенине элине карата мамилеси менен баалаган. Кыргыздар оозеки чыгармалар жана турмуштук салттар аркылуу элчил адам гана эстүү, алдуу, кубаттуу болоорун бекемдешкен. “Атанын уулу болбосо да, элдин уулу болсун” – деген макал үй бүлөдө балдарды мекенчилдикке тарбиялоонун максаты жана натыйжасы катары каралат.

Кыргыз эл педагогикасында жаш муундарда улууларды урматтоо маданиятынын калыптанышы алардын адеп-нарктуулугунун, жакшы таалим-тарбия алгандыгынын эң негизги көрсөткүчү болгон. Улууларга карата урмат-сый обол өз ата-энесинин кебин эки кылбай, айткан насаатын, баштаган жолунан чыкпай жашоо, эне сүтүн, ата мээнетин актоодон көрүнөт. Кыргыз эл педагогикасынын эрежелерине ылайык балдарды салттык маданиятка үйрөтүү коом мүчөлөрү менен өз ара мамиле түзүүнүн маданиятын үйрөнүүдөн башталат. Көчмөн кыргыздардын меймандостук салты адамдар менен алака-катышыты бекемдөө, адамдарды сүйүү, алар үчүн камкордук жасоого аракет кылуу, алар менен ырыскысын тең бөлүшүү сыяктуу гуманисттик баалуулуктарга негизделген.

Кыргыз элине таандык бардык мурастарда алардын балдары тынчтыкты жана толеранттуулукту аздектөөгө үйрөтүү салттарын тастыктаган ойлор арбын учурайт. Кыргыз макалдарынан баштап эпосторго чейин жаштарды жамандык жасаган адамга да жакшылык менен жооп берүүгө тарбиялоо ошол нук менен калк арасында кең пейилдиктин чектерин кеңейтүү идеялары бекемделет. Жаштарга жамандыкка жакшылык жасоо акылмандыктын, бийик рухтун, эрдиктин белгиси экендиги эскертилет.

Кыргыз эл педагогикасында эчен кылымдар турмуш сыноосунан өтүп, элдин коомдук жашоо турмушунун кодексине айланган, азыркы эгемендүү Кыргызстандын бүтүндөй элин ынтымак ырашкерликке тарбиялоо үчүн программалык күчкө ээ акыл тажрыйбалар арбын. Кыргыз макалдарында балдарга досу жок адамдын абалы аянычтуу болуп, мындай адамдардын жашоосу кыйынчылыктар менен өтөөрүү белгиленет. Тең чамалаш балдарды дос кылуунун шилекей алышуу, чырпык кыркышуу, чыпалактын канын сорушуу, туз жалашуу, нан кармашуу сыяктуу салттары болгон. Элдик оозеки чыгармалардын бардык үлгүлөрүндө инсандык бийиктик “намыс”, “ар”, “бедел”, деген түшүнүктөргө түйүндөлүп уул балдардын намысы менен бедел наркы улуттун, эл-журттун намысы менен туташ биримдикте каралат. Эл “Чын айтып зыян тарт, жетээрсиң мураска, калп айтып пайда тапсаң калаарсың уятка” деп балдарды ачык айтып ак сүйлөөгө үйрөтүүнү таалим-тарбиянын башкы принциби катары караган. Кыргыз элинде жалган сүйлөгөн адамдарга карата “калпычы”, “кыйды”, “шыпыр”, “жылпыш”, деген мүнөдөмөлөр бар. Кыргыздарда ыймандык ыкыбал даражасы өтө жогору бийик адамдар бул “Кара кылды как жарган калыс адамдар”. Кыргыз тилинде мээримдүү боорукер адамдардын мүнөздөмөсү катары карата боору жумшак, боору тааныйт, боору билет, боору тартып турат, боордош, боору бир деген сөздөр көп учурайт.

Ата-энелер балдарга ак караны таанытуу адал жашоого үйрөтүү аларды кандай эмгек менен багып чоңойтуудан көз каранды болот деген ишеним менен “Биз силерди ак эмгек, пешене терибиз менен бактык, арам тамак жедирбедик” – деп силер да, “Ак ойлоп, адал иштегиле” деген накылды зээндерине уютуп келишкен. “Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт” – деген чен-өлчөм кыргыз элинин салттык педагогикалык маданиятында азыр да күчүндө. Сунушталган эмгекте аталган маселенин бардык тарабы камтылды деген ойдон алыспыз. Кийинки изилдөөлөрдө макалдар, мифтер, эпостор жана азыркы жазуучулардын көркөм чыгармалары балдарды адеп – ахлакка тарбиялоо боюнча элдик акыл ой жана тажрыйбаларды таанып билүүнүн булагы катары өз өзүнчө колго алынышы абзел.

**Адабияттар:**

1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: Элдик салттар.- Б., 1993.-224 б.(80)
2. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. Б. 2000. -347 б.
3. Муканбаев Ж. Эл ичи – өнөр кенчи: Публицистикалык очерктер. –Ф., 1990. -224б.
4. Акматалиев А. Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат Бишкек: Бийиктик,2002.
5.Алимбеков А. “Эр жигит” Түрк калктарында мекенчил уул балдарды тарбиялоонун идеалы катары // Эл аралык педагогикалык билимдер курултайынын материалдары. – Эскишаар, 2013 – 186 б
6. *Каримов.Ж.* **Педагогикалык философиядагы асыл ойлор.**
7. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы: окуу куралы. Б.: 1996. – 80 б.